**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Кара-Буура айыл өкмөтүнүн ишенимдүү өкүлү Иманбек Жанузакович Байсейитовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2017-жылдын 8 - декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Р. Бобукеева, К.М. Киргизбаев, Ж.И. Саалаев, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда Кара-Буура айыл өкмөтүнүн ишенимдүү өкүлү И.Ж. Байсейитовдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 23-ноябрында Кара-Буура айыл өкмөтүнүн ишенимдүү өкүлү И.Ж. Байсейитовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-сентябрындагы жана 2017-жылдын 27-сентябрындагы токтомдорун конституциялык эмес деп табуу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, Кара-Буура райондук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 26-октябрындагы № 221 токтому менен 242 га сугат жери Кара-Буура үрөөнчүлүк дыйкан чарбасына бөлүнүп берилген жана анын негизинде Кара-Буура райондук мамлекеттик каттоо башкармалыгы тарабынан аталган жер аянтына 2001-жылдын 5-сентябрында сериясы Б №000500 мамлекеттик акт берилген.

2005-2006-жылдары жогоруда аталган үрөөнчүлүк чарба менен айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн келишимдердин негизинде 242 га жер бөлүгүнөн 170,3 га жер бөлүгү айыл округуна кайтарылып, ал эми калган 71,7 га жер бөлүгү кайтарылбай калган.

Ошол себептен, Кара-Буура айыл өкмөтү Чүй облусунун райондор аралык сотуна Кара-Буура үрөөнчүлүк чарбасын Кара-Буура айыл өкмөтүнө тиешелүү болгон кайра бөлүштүрүү фондунан 71,7 га жер бөлүкчөсүн өткөрүп берүүсүн милдеттендирүү жөнүндө доо арызы менен кайрылып, аны кароонун жыйынтыгында 2016-жылдын 13-октябрында Чүй облусунун райондор аралык сотунун чечими менен ал канааттандыруусуз калтырылган.

Чүй облустук сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 6-февралындагы аныктамасы менен Чүй облусунун райондор аралык сотунун 2016-жылдын 13-октябрындагы чечими өзгөртүүсүз калтырылган.

Кабыл алынган биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун актылары менен макул болбой, Кара-Буура айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна көзөмөл иретинде даттануу менен кайрылып, аны кароонун жыйынтыгында 2017-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Чүй облусунун райондор аралык сотунун 2016-жылдын 18-октябрындагы чечимин жана Чүй облустук сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 6-февралындагы аныктамасын жокко чыгаруу жана ишти жаңыдан кароого Талас облусунун район аралык сотуна жиберүү тууралуу токтому кабыл алынган.

Ошол эле учурда, арыз ээси жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунунун токтомуна карама-каршы келген Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун башка токтому кабыл алынганын белгилейт.

Анткени, Кара-Буура адистештирилген үрөөнчүлүк чарбасы Кара-Буура айыл округуна карата Талас облусунун райондор аралык сотуна доо арыз менен кайрылып, анда Кара-Буура адистештирилген үрөөнчүлүк чарбасынын пайдасына Кара-Буура айыл округунун эсебинен жалпысынан 6120000 сомду өндүрүп берүүнү суранган.

Талас облусунун райондор арылык сотунун 2012-жылдын 13-февралындагы чечими менен доо арыз жарым-жартылай канааттандырылып, Кара-Буура айыл округунун эсебинен Кара-Буура адистештирилген үрөөнчүлүк чарбасынын пайдасына жалпысынан 3884984 сом өндүрүлгөн.

Талас облустук сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 16-июнундагы аныктамасы

менен жогоруда көрсөтүлгөн биринчи инстанциядагы соттун чечими өзгөртүүсүз калтырылган.

Кабыл алынган соттук актылар менен макул болбой, Кара-Буура айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна көзөмөл иретинде даттануу менен кайрылып, аны кароонун жыйынтыгында 2017-жылдын 27-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жогоруда белгиленген соттук актыларды күчүндө калтыруу жөнүндө токтому кабыл алынган.

Арыз ээси жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын токтомдору бири-бирине карама-каршы келгендигин жана шайкеш келбеген күмөндөрдү туудуруп, Кара-Буура айыл өкмөтүнүн элинин наразычылыктарын жаратып жаткандыгын белгилейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, арыз ээси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-сентябрындагы жана 2017-жылдын 27-сентябрындагы токтомдорун конституциялык эмес деп табууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 18-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда, аларды конституциялык эмес деп табуу кирет.

Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамдын 2-беренесине ылайык ченемдик укуктук акт деп ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же болбосо референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган), укук ченемдерин (укуктук ченемдерди) белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган, аныкталган формадагы расмий документ эсептелет.

Ал эми арызденуучу тарабынан конституциялуулугу талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-сентябрындагы жана 2017-жылдын 27-сентябрындагы токтомдору ченемдик укуктук акт болуп эсептелбейт.

Ошол эле учурда, соттук актылардын конституциялуулугун текшерүү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Ал эми «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык эгерде кайрылууда билдирилген талап Конституциялык палатанын кароосуна караштуу болбосо судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 4-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кара-Буура айыл өкмөтүнүн ишенимдүү өкүлү Иманбек Жанузакович Байсейитовдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Р. Бобукеева

К.М. Киргизбаев

Ж.И. Саалаев

№ 65-о